***ЭКОНОМИКА ИЛИМДЕРИ***
***ЭКОНОМИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***ECONOMIC SCIENCES***

***DOI:10.26104/NNTIK.2023.40.99.037***

***Аскарова А.К., Жолболдуева Д.Ш., Орозова Ч.С.***

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КАЛКТЫ СОЦИАЛДЫК ЖАКТАН КОРГООНУ КАМСЫЗ КЫЛУУНУН ФИНАНСЫЛЫК АСПЕКТТЕРИ

***Аскарова А.К., Жолболдуева Д.Ш., Орозова Ч.С.***

# ФИНАНСОВЫЕ АСПЕКТЫ ОБЕСПЕЧЕНИЯ СОЦИАЛЬНОЙ ЗАЩИТЫ НАСЕЛЕНИЯ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

***A. Askarova, D. Zholboldueva, Ch. Orozova***

# FINANCIAL ASPECTS OF ENSURING SOCIAL PROTECTION OF THE POPULATION IN THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 364.3*

*Калкты социалдык жактан коргоо – бул кетирилген чыгымдарды компенсациялоо, калктын кеңейтилген кайра өндүрүү процессине тийгизген таасирин азайтуу же болтурбоо максатында социалдык тобокелдиктерди башкаруу системасы. Социалдык-экономикалык категория катары социалдык коргоо – бул социалдык тобокелдиктердин алдында ар бир адамдын жашоосунун белгиленген социалдык стандарттарын камсыз кылуу максатында улуттук кирешени кайра бөлүштүрүү боюнча мамилелер. Макалада инфраструктураны колдоо, социалдык кызматтарды көрсөтүү, чыгымдарды компенсациялоо, тике төлөмдөр үчүн Кыргыз Республикасында калкты социалдык жактан коргоону камсыз кылуунун финансылык ыкмаларына талдоо берилген. Категориялар боюнча мамлекеттик жөлөкпулдар алуучулардын салыштырма талдоосу, пенсия менен камсыз кылуунун негизги көрсөткүчтөрү келтирилген. Калкты социалдык жактан коргоо системасынын оң жактары жана көйгөйлөрү каралат. Калкты социалдык жактан коргоо системасынын ишинин жыйынтыгы чыгарылды.*

***Негизги сөздөр:*** *социалдык коргоо, пенсиялык камсыздоо, социалдык кызмат көрсөтүүлөр, акчалай компенсациялар, жеңилдиктер.*

*Социальная защита населения – это система управления социальными рисками с целью снижения или исключения воздействия на расширенный процесс воспроизводства населения путем компенсации понесенных затрат. Социальная защита как социально-экономическая категория представляет собой подход к перераспределению национального дохода в целях обеспечения сложившихся социальных стандартов жизни каждого в условиях социальных рисков. В данной статье дан анализ финансовым методам обеспечения социальной защиты населения в Кыргызской Республике по поддержке инфраструктуры, оказание социальных услуг, компенсация затрат, непосредственные выплаты. Дан сравнительный анализ получателей государственных пособий по категориям, основные показатели пенсионного обеспечения. Рассмотрены положительные моменты и проблемы в системе социальной защиты населения. Подведены итоги работы системы социальной защиты населения.*

***Ключевые слова:*** *социальная защита, пенсионное обеспечение, социальные услуги, денежные компенсации, льготы.*

*Social protection of the population is a system of social risk management with the aim of reducing or eliminating the impact on the expanded process of population reproduction by compensating for costs incurred. Social protection as a socio-economic category is an approach to the redistribution of national income in order to ensure the established social standards of life for everyone in conditions of social risks. This article provides an analysis of financial methods for ensuring social protection of the population in the Kyrgyz Republic to support infrastructure, the provision of social services, cost compensation, direct payments. A comparative analysis of recipients of state benefits by category, the main indicators of pension provision is given. The positive aspects and problems in the system of social protection of the population are considered. The results of the work of the system of social protection of the population were summed up.*

***Key words:*** *social protection, pension provision, social services, monetary compensation, benefits.*

Кыргызстан көз карандысыздыкка ээ болгондон бери социалдык мүнөздөгү бардык кепилдиктер жана укуктар өлкөнүн Конституциясында бекитилген, ал эми бүгүнкү күндө калкты социалдык жактан коргоонун негизги чаралары ар кандай түрдөгү жеңилдиктерди жана мамлекеттик жөлөкпулдарды берүү [4].

Азыркы учурда жалпысынан калкты социалдык жактан коргоо системасы этабы менен реформаланууда, анын негизги максаттары: жашоонун сапатын жогорулатуу; калктын жакыр катмарын, социалдык жактан аярлуу катмарын колдоо, реформалардын мүмкүн болуучу терс кесепеттерин жумшартуу; пенсиялык камсыздоону жакшыртуу, даректүү социалдык жардамды андан ары өркүндөтүү, социалдык жөлөкпулдардын жана жөлөкпулдардын системасын тартипке келтирүү; социалдык кызмат көрсөтүүлөр рыногун өнүктүрүү.

Калкты социалдык жактан коргоо системасынын натыйжалуулугун талдоо үчүн Кыргыз Республикасында калкты социалдык жактан коргоону камсыз кылуунун финансылык ыкмаларын карап чыксак:

1. **Инфраструктуралык колдоо.** Карылар үйлөрүн, майыптар үйлөрүн, саламаттык сактоо мекемелерин, анын ичинде реабилитациялык мекемелерди, бардык деңгээлдеги мамлекеттик социалдык кызматтарды, калктын аз камсыз болгон категориялары үчүн окуу борборлорун тейлөө.

2020-жылдын 31-декабрына карата мамлекеттик жөлөкпул алуучулардын жалпы саны 436 миң адамды түздү, бул өткөн жылга салыштырмалуу көрсөткүчтүн 1,1 эсеге көбөйгөнүн Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин маалыматы боюнча (1-таблица).

Министрликтин маалыматы боюнча, республика боюнча «үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулдардын орточо өлчөмү 870 сомду түздү. Социалдык жөлөкпулдардын орточо өлчөмү 3082,3 сомду түздү.

*1-таблица*

**Мамлекеттик жөлөкпул алуучулардын саны, (миң. адам)**

| | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2020-ж. 2016-ж., % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жөлөкпул алган калктын саны – жалпы | 360 | 378 | 365 | 402 | 436 | 121 |
| *анын ичинен:* | | | | | | |
| - ай сайынкы жөлөкпулдар | | | | | | |
| - аз камсыз болгон үй-бүлөлөр | 275 | 291 8 | 276 | 309 | 341 | 124 |
| - коомдук жөлөкпулдар | 84 | 87 | 89 | 93 | 95 | 113 |
| *анын ичинен:* | | | | | | |
| - мүмкүнчүлүгү бала кезинен чектелгендер | 30 | 31 | 32 | 32 | 33 | 110 |
| - ден соолугу оорунун айынан чектелген майыптар | 7 | 7 | 7 | 8 | 8 | 114 |
| - жакындарын жоготуунун негизинде жөлөкпул алгандар (үй-бүлөнүн бир майып мүчөсүнө) | 15 | 18 | 18 | 19 | 19 | 126 |

Республикалык бюджеттин эсебинен мамлекеттик жөлөкпулдарды төлөөгө жалпы суммасы 5066,9 млн сомду (көбөйүү – 15,4%) түзгөн акча каржаты бөлүнгөн.

2020-жылы пенсионерлердин жалпы саны 736 миң адамды түзүп, 2019-жылдагы 715 миң адамга салыштырмалуу 21 миң адамга (2,9%) көбөйдү (2-таблица).

*2-таблица*

**Пенсиялык камсыздоонун негизги көрсөткүчтөрү**

| Көрсөткүчтөр | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2020-ж 2016-ж., % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Социалдык каттоого алынган пенсия алуучулардын жалпы саны (миң адам) | 661 | 673 | 695 | 715 | 736 | 111,3 |
| Пенсиянын орточо көлөмү (сом) | 5235 | 5578 | 5761 | 5960 | 6102 | 116,6 |
| Пенсиянын орточо көлөмүнүн пенсия алуучунун минималдуу керектөө бюджетине болгон катышы (%) | 121,6 | 127 | 134,5 | 139 | 127,5 | 104,9 |

2020-жылдын башында пенсиянын орточо көлөмү 6102 сомго барабар болуу менен өткөн мезгилге караганда 2,4%га өстү [11].

2022-жылдын 1-октябрынан баштап пенсиясынын өлчөмү жашоо минимумунун көрсөткүчүнөн төмөн болгон пенсионерлердин алып жаткан пенсиясынын базалык бөлүгү 110%га, ал эми камсыздандыруу бөлүгүнүн көлөмү 8%га жогорулады. Индексациялоонун жыйынтыгы боюнча пенсиянын өсүшү орточо эсепте алганда 110%ды түзүү менен 455 сомго көбөйдү. Бул өзгөрүлөөрдүн жыйынтыгында орточо пенсиянын көрсөткүчү – 6248 сомду түзүп калды [11].

2020-жылдын аягында камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммасы – 33177 млн сомду түзүп, 2019-жылга караганда 767 миң сомго көп болду. Бул өсүү 2018-жылга караганда – 2535 млн сомго көп болуп, өсүү – 8,3%ды түздү (3-таблица).

2019-жылдын 1-январына карата бала төрөлгөндө берилүүчү «балага сүйүнчү» бир жолку жөлөкпул алгандардын саны – 90,9 миң адамды түздү.

*3-таблица*

**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети, (млн. сом)**

| Аталышы | 2018 | 2019 | 2020 | 2020-ж. 2019-жылга салыштырмалуу | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | (+/–) | % |
| Профицит | 0,704 | 0, 336 | -0,579 | -0,243 | 58 |
| Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы суммасы | 30642 | 32410 | 33177 | +0,767 | 102,4 |
| Мамлекеттик топтоолуучу пенсиялык фонддун каражаттарынын эсебинен болгон инвестициялардан түшкөн киреше | 3484 | 3947 | 4205 | +0,258 | 106,5 |

2018-жылы Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» Мыйзамынын жаңы редакциясы кабыл алынды, анда көп балалуу аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү социалдык жактан коргоону жакшыртуу маселелери каралган. Бул өзгөртүүлөр төмөнкүлөрдү камтыды: 2018-жылдын 1-июлунан тарта аз камсыз болгондорго жөлөкпулдарды дайындоодо үй-бүлөнүн жалпы кирешесин баалоодо бул кирешеден пенсиянын бардык түрлөрү алынып салынат; жаңы төрөлгөн ымыркайдан баштап 16 жашка чейинки балдарга «Үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулун берүүдө бир адамдын тапкан кирешеси кепилденген минималдуу кирешеден (900 сомдон) төмөн болгон үй-бүлөлөрдүн күнүмдүк муктаждыктарын эсепке алуу менен белгиленет; бир жолу берилүүчү «Балага сүйүнчү» жөлөкпулу 2018-жылдын 1-январынан баштап төрөлгөн жерине карабастан жаңы төрөлгөн бардык ымыркайларга 4000 сом өлчөмүндө белгиленди.

Ошону менен бирге 2018-жылдын 1-июлунан тарта ай сайын берилүүчү социалдык жөлөкпулдардын өлчөмү ден соолугунун айынан мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга, ВИЧ/СПИДге кабылган энелерден төрөлгөн ымыркайларга 3000 сомдон 4000 сомго чейинки көлөмдө, бала кезинен I топтогу майыптарга кошулган балдарга 3000 сомдон 4000 сомго чейинки өлчөмдө, II топ катары аныкталган майыптарга 2500 сомдон баштап 3300 сомго чейинки өлчөмдө, III топко кошулган майыптарга 2000 сомдон баштап 2700 сомго чейинки өлчөмдө көбөйтүлгөн.

2018-жылы жогоруда айтылгандардан сырткары төмөндөгүлөр аныкталды: 5 418 бала оор турмуштук жагдайга (ОТЖ) кабылган, алардын ичинен мындай жагдайдан 3518 (65%) бала чыгарылды; ОТЖга кабылган 1946 үй-бүлөнүн 1502си (77%) бул абалдан чыгарылды.

Жалпысынан алганда бул көрсөткүчтөр боюнча өсүү тенденциясы байкалууда. ОТЖдан чыгарылган балдардын үлүшү 2017-жылы 59%ды түзгөн болсо, 2018-жылы өсүү 6%дык пунктту түзүү менен 65%га чейин болду. ОТЖдан чыгарылган балдары бар үй-бүлөлөрдүн үлүшү 2017-жылы 28%ды түзгөн болсо, 2018-жылы бул көрсөткүч 49%га өсүү менен 77%ды түздү.

Үй-бүлөлүк тарбиянын өзгөчө маанисин эсепке алуу менен мамлекет ата-энесинин камкордугунан ажыраган жана жетим балдарды окутуунун үй-бүлөлүк формаларын өнүктүрүү боюнча иштерди жүргүзүүдө. Алсак, 2018-жылы 132 бакма үй-бүлөгө талапкер балдар окутулган, 2019-жылдын башталышында 27 бала бакма үй-бүлөгө тарбияга алынган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү ден соолугунун айынан мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктарын коргоого көмөк көрсөтүү жана алардын коомдун саясий, экономикалык, жарандык, социалдык жана маданий турмушуна катышуусун кеңейтүү максатында Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан 2006-жылдын 13-декабрында кабыл алынган жана 2011-жылдын 21-сентябрында кол коюлган «Майыптардын укуктары жөнүндө БУУнун конвенциясын ратификациялоо жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун жактырды.

Ден соолугунун айынан туруктуу камкордукка муктаж болушкан мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын ата-энелерин колдоо максатында социалдык кызматтын «жеке жардамчы» сыяктуу жаңы түрү түзүлүп, анын негизинде ай сайын акы төлөө түрүндө берилүүчү 4900 сом өлчөмүндөгү жардам белгиленди.

Муну менен кошо, багуучуларынын бирин жоготкондугу боюнча пенсия алып жатышкан балдардын ар биринин пенсиясынын базалык бөлүгү 2021-жылдын 1-октябрынан баштап 1500 сомго, 2022-жылдын 1-январынан баштап 2000 сомго чейин көбөйтүлдү.

Ата-энесинин экөөнөн тең ажыраган балдардын ар биринин пенсиясынын базалык бөлүгү 2021-жылдын 1-октябрынан баштап 3000 сомго, 2022-жылдын 1-январынан баштап 6000 сомго чейин көбөйтүлдү [11]. Жалпы кошумча муктаждык боюнча пенсиянын базалык бөлүгүнө республикалык бюджеттин эсебинен берилүүчү сумма 2021-жылдын акыркы үч айында 138,0 млн сомду, ал эми 2022-жылы 951,8 млн сомду түздү.

2022-жылдын 1-январына карата республика боюнча пенсия алуучулардын саны 713 миң адамды

түздү, анын ичинен 221 миң адам же жалпы сандын 31%ы «Кыргызпочтасы» мамлекеттик ишканасынын филиалдары аркылуу алышат, ал эми 492,0 миң адам. коммерциялык банктар аркылуу, же 69% түздү, бул 2020-жылга салыштырмалуу пенсионерлердин саны 21,4 миң адамга көбөйдү.

**2. Кызмат көрсөтүү:**

- улгайгандыгына, ооругандыгына же майып экендигине байланыштуу өзүн карап тейлөө мүмкүнчүлүгүнөн толук же жарым-жартылай ажыраган жана ушунун айынан убактылуу же туруктуу стационардык эмес кароого муктаж жарандарга үйдө көрсөтүлүүчү кызматтар;
- мамлекеттик органдарда түзүлгөн жарым стационардык уюмдарда көрсөтүлүүчү кызматтар (күндүзгү (түнкү) бөлүмдөр, тобокел тобундагы балдар үчүн социалдык реабилитациялык борборлор жана башка категориядагы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар);
- стационардык социалдык тейлөө уюмдарында жашаган жарандарга көрсөтүлүүчү кызматтар;
- мамлекеттик жөлөкпулдарды берүү;
- үйүндө жалгыз бой, улгайган жарандарга социалдык кызмат көрсөтүүлөр.

**3. Чыгымдардын компенсациясы.** Кыргыз Республикасында 25 категориядагы жарандар жеңилдиктердин ордуна акчалай компенсация алышат. 2019-жылдын 1-январына карата 552 миңден ашык адам жеңилдиктер жана компенсациялар түрүндө социалдык төлөмдөрдү алышты. 27 миңден ашык адам иш менен камсыз болгон. Иш менен камсыз кылуу кызматынын жардамы менен 25 миңден ашык адам акы төлөнүүчү коомдук жумуштар катары ишке орноштурууга көмөк көрсөтүү боюнча активдүү иш чаралар, кесиптик окуу менен камтылган.

**4. Төлөмдөр.** Пенсиялык камсыздоо (эмгектик жана социалдык пенсиялар), ушул Мыйзамга ылайык пенсиянын төмөнкүдөй түрлөрү дайындалат: а) жашы боюнча; б) майыптыгы боюнча; в) багуучусунан айрылгандыгына байланыштуу.

«Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө» мыйзамга ылайык камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери төмөндөгү:

а) иш берүүчүлөр үчүн 17,25% өлчөмүндө, анын ичинен: Пенсиялык фондго - 15%; Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна - 2%; Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна - 0,25%;

б) кызматкерлер үчүн 10% өлчөмүндө, анын ичинен: Пенсиялык фондго - 8%; Мамлекеттик топтоочу пенсиялык фондго - 2%.

Социалдык коргоо жана пенсиялык социалдык камсыздандыруу системасы институционалдык жактан чыңдалды, пенсияларды жана социалдык жөлөкпулдарды төлөөдөгү кечиктирүүлөрдөн арылышты, бардык төлөмдөр накталай түрдө гана жүргүзүлөт, жөлөкпулдардын олуттуу бөлүгү акчага айландырылды, инфляцияга карата пенсиялар үзгүлтүксүз индексацияланууда.

Социалдык-экономикалык жардамга жана моралдык-психологиялык колдоого, калктын нормалдуу муктаждыктарына адекваттуу дифференцияланган социалдык камсыздоого муктаж жарандардын саны кескин өстү.

Демек, азыркы учурда социалдык инфраструктуранын өнүгүшүн колдоо, калкты социалдык жактан коргоо кызматтарын көрсөтүүнү каржылоо, социалдык камсыздоого кеткен чыгымдарды компенсациялоо жана социалдык коргоо объектилери болуп саналган жарандарга тике төлөмдөрдү пайдалануу аркылуу социалдык коргоо камсыз кылынат.

**Адабияттар:**


1. «Социалдык фонд жөнүндө» [Текст]: Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2013-жылдын 3-майындагы №225 менен толукталган.- №112. / ЖК Ведомостору. - 2002. - №7. - Б.7.
2. «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» [Текст]: Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (өзгөртүүлөрдү киргизүү менен). - №112. / ЖК Ведомосттору. - 2004. - №12. - Б.5.
3. «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» [Текст]: Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. - №112. / Ведомости ЖК. - 2004. - №12. - Б.8.
4. Аскарова А.К. Кыргыз Республикасында калкты социалдык жактан коргоонун натыйжалуулугу [Текст] / А.К. Аскарова Экономика жана заманбап менеджменттин актуалдуу маселелери. / Эл аралык илимий-практикалык конференциянын жыйынтыгы боюнча илимий эмгектердин жыйнагы. - №3. – Самара, 2016. - Б. 217-221.
5. Аскарова А.К. Кыргыз Республикасынын калкынын жакырчылык деңгээли жана жакырчылыктан чыгуунун негизги багыттары [Текст] / А.К. Аскарова, Д.Ш. Жолболдуева, Э.Н. Төлөнов. / Заманбап илим. №10-1. - 2020. - Б. 33-37.
6. Аскарова А.К. Сузак районундагы социалдык жактан коргоо жана жакшылыкты жоюу маселеси [Текст] / А.К. Аскарова, Б.М. Турдубеков, Э.Н. Төлөнов. / Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Жарчысы, 2009. - №2. - Б. 91-93.
7. Ашимова А. Кыргызстанда пенсионерлерди ишке орноштуруу жана социалдык жактан коргоо [Текст] / А.Ашимова // Эмгек. - 2002.- №6. - Б.3.
8. Жуматаева Т.М. Кыргыз Республикасынын пенсиялык системасынын учурдагы абалы жана реформасы [Текст] / Т.М. Жуматаева. - Реформа. - 2005. - № 2. - Б.15-19.
9. http://socfond.kg/ru/about_fund/sf_history/
10. http://mineconom.gov.kg/.
11. https://www.audit-it.ru/terms/trud/sotsialnaya_zashchita.html